**КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө КР Мыйзамы боюнча маалымат**

**Мыйзам долбоорунун концепциясында төмөнкүлөр каралган**:

- Шайлоо жөнүндө мыйзамдарды жарандардын активдүү жана пассивдүү шайлоо укуктарын толук жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды жакшыртуу жолу менен шайлоо процессинин инклюзивдүүлүгүн жогорулатуу аркылуу өркүндөтүү,

- Ачык жана атаандаштык шайлоо механизмдерин андан ары өркүндөтүү,

- Шайлоо процессинин катышуучуларынын маалымдуулугун жакшыртуу,

- Шайлоо мыйзамдарын бузууларды алдын алуу, болтурбоо механизмдеринин натыйжалуулугун жогорулатуу,

- Шайлоолордун уюштуруунун жакшыртуу,

- Шайлоолорду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө шайлоо комиссиялары менен мамлекеттик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн жакшыртуу.

**I. Шайлоо процессинин инклюзивдүүлүгүн шайлоо процессине жарандарды тартуу аркылуу жогорулатуу, ал эки жол менен жетишилет:**

**(1) Жарандардын шайлоо процессине инклюзивдүүлүгүнүн жалпы шарттарын жакшыртуу (шайлоочулардын тизмелери менен таанышуу мөөнөтүн көбөйтүү, арыздарды берүү тартибин өркүндөтүү, электрондук арыз берүү мүмкүнчүлүгү)**

**(2) Шайлоочулардын айрым категориялары (мигранттар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар ж.б.) боюнча өзгөчө шарттарды түзүү.**

**1) Жалпы шарттарга төмөнкүлөр кирет:**

- шайлоочулардын алдын ала тизмеси менен таанышуу мезгилин жогорулатуу, 10 календардык күнгө жогорулатылат, УИК тизмени 70 күн мурда, буга чейин 60 күн мурда илинчү(15-берене);

- шайлоочулардын арыз берүү мүмкүнчүлүгүн сервис аркылуу кеңейтүү: аутентификациялоодон өтүү менен “шайлоочунун кабинети” (15-берене);

- Ф-2 (шайлоо дарегин алмаштыруу), Ф-3 (тактоо) боюнча арыз берүүдө аныктыгын тактоо үчүн шайлоочу идентификациялоодон өтөт(15-берене);

- шайлоочулардын тизмесин тактоо боюнча иш-аракеттердин негизги комплексин өз ара аракеттенүүнүн жаңы тартибин тактоо менен Мамлекеттик каттоо кызматынан Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүп берүү (15-16-беренелер);

- шайлоочуларды идентификациялоо боюнча иш-аракеттердин негизги комплексин Мамлекеттик каттоо кызматынан Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүп берүү(15-берене).

** Өкмөттүн корутундусунун алкагында аталган норманы алып салуу сунушталууда.*

**2) Айрым категорияларбоюнча өзгөчө шарттарды түзүү** (камакта кармоо жерлеринде, стационардык дарылоо-алдын алуучу мекемелерде болгон шайлоочулар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар ж.б.) мыйзам долбоору менен төмөнкүлөр каралат:

- шайлоочулардын бул категорияларын эсепке алууну ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан алардын саны тууралуу маалыматтарды (жылына эки жолу ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна) Аймактык шайлоо комиссиясына, Борбордук шайлоо комиссиясына милдеттүү түрдө берүү тууралуу ченемдер аркылуу киргизүү (14-берене);
- жайдан тышкары добуш берүү укугуна ээ жарандардын жаңы категорияларын киргизүү – иштин үзгүлтүксүз цикли менен иштеген ишканаларда, вахта ыкмасы менен иштеген жарандар, мөөнөттү аскер кызматчылары жана аскер бөлүктөрүндө жашаган аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү ж.б адамдар (31-берене);

** Өкмөттүн корутундусунун алкагында аскер кызматчыларын эсепке алууну жүргүзүүнү алып салуу сунушталат, анткени бул маалыматтар мамлекеттик сырды түзөт. Бирок, жашыруун маалымат жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык мамлекеттик органдардын ортосунда өз ара аракеттенүү тартибин караса болот.*

- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар үчүн шайлоо участкаларынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу (29-30-берене);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн адаптацияланган маалыматтык материалдарга, стенддерге, үгүт материалдарына төмөнкү талаптар коюлган: аудио-видео форматында (санариптик алып жүрүүчүлөрдө), сурдокотормо, субтитрлөө, Брайль шрифти менен ж.б (22-берене);
- талапкер, саясий партия тарабынан үгүт материалдардын жалпы нускасынын 1 пайызынан кем эмес өлчөмүндө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн адаптацияланган үгүт материалдарын жарыялоо тууралуу талаптар киргизилет (27-берене).

Чет өлкөдө убактылуу болгон жарандардын активдүү шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүү максатында, мыйзам долбоорунда төмөнкүлөр каралат:

- аэропорттордун жана темир жол вокзалдарынын аймагында жарандардын биометрикалык каттоодон өтүү мүмкүнчүлүгүн жана тартибин белгилөө (14-берене);

- чет өлкөдө УШКлардын санын Тышкы иштер министрлигинин сунушунун жана жүргөн өлкө менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мамлекеттик органдарынын өкүлчүлүктөрү, КР ардактуу консулдарынын, консулдук округдарынын аймагында түзүү жолу аркылуу көбөйтүү (2, 13-беренелер);

- чет өлкөдө жүргөн шайлоочуларды убактылуу консулдук эсепке алуу аркылуу шайлоочулардын тизмесине киргизүү тартибин тактоо (14-берене).

Мыйзам долбоорунда ченемдерди бирдейлештирүү максатында, “Референдум жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ушул сыяктуу ченемдерди киргизүү каралууда.

**II. Шайлануучу органдардын сапатын жогорулатуу жана талапкерлердин, саясий партиялардын тең укуктуулугун камсыз кылуу максатында, төмөнкүлөр сунушталууда:**

1) талапкердин статусунун келип чыгуу учурлары жана шарттары менен байланышкан коллизияларды жана боштуктарды четтетүү үчүн талапкер (көрсөтүлгөн) жана катталган талапкер түшүнүгүн тактоо(1-берене)

2) талапкерлерге карата жасалган кылмыштын түрүнө жана оордугуна жараша соттуулугу боюнча талапты дифференцациялоо(3-берене)

* Өкмөттүн корутундусунун алкагындасоттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан оор же өзгөчө оор кылмышты жасагандыгы үчүн соттуулугу бар адамдарга шайланууга укугун абсолюттук чектөө сунушталууда

3) Жогорку Кеңештин депутатына талапкерлерине карата жогорку билиминин болушу, талапкердин башка саясий партияга таандык эместиги тууралуу талап белгиленүүдө

4) Президентке талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо тартибин жөнгө салуу

Президентке көрсөтүү үчүн сунушталуучу талапкерлердин документтеринин тизмеси төмөнкү документтер менен толукталат (49-берене):

- декларация: (1) башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу; (2) соттуулугу жок экендиги же качандыр бир убакта Кыргыз Республикасында жана четөлкөдө соттуулугунун жоктугу жөнүндө; (3) чет өлкөдө жайгашкан чет өлкөлүк банктарда эсептердин (салымдардын) жана баалуулуктардын жоктугу жөнүндө, бар болгон учурда эсептерди (салымдарды) жабуу милдеттемеси, мындай накталай акча каражаттарынкаттоо үчүн документтерди ббергенге чейин сактоону токтотуу

*Өкмөттүн Корутундусунун алкагында соттуулугунун жоктугу же КРда жана чет өлкөдө качандыр бир убакта соттуулугу жоктугу тууралуу декларацияны берүүнү алып салуу сунушталат

• жеке маалыматтарды, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы бардыгы же жоктугу жөнүндө материалдарды топтоого жана иштетүүгө жазуу жүзүндөгү макулдук берүү,

* Ушундай эле документтер КР ЖК депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн берилет

Президенттикке талапкерлерди каттоо үчүн саясий партиялардын тизмесинен талапкерлер төмөнкү маалыматтар камтылган анткетаны толтурууга тийиш (53-берене):

- Президентти шайлоо күнү белгиленгенге чейинки алты жыл ичинде талапкердин жана анын жубайынын киреше булактары жана өлчөмү жөнүндө маалымат;
- менчик укугунда талапкерге жана анын жубайына таандык болгон мүлк жөнүндө маалымат;
- банктарга, баалуу кагаздарга аманаттар жөнүндө маалымат;
- талапкердин жана анын жубайынын мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелери жөнүндө маалымат;

- талапкерге, анын жубайынажана  жашы жете элек балдарына таандык болгон, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жайгашкан кыймылсыз мүлк жөнүндө, ошол мүлк сатылып алынган каражаттарды алуу булактары жөнүндө, ошондой эле талапкердин, анын жубайынын  жана анын жашы жете элек балдарынын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелери жөнүндө маалымат;
- талапкердин, ошондой эле анын жубайынын  акыркы үч жыл ичинде ишке ашырылган ар бир жер тилкесин, башка кыймылсыз мүлк объектиси, транспорттук каражаттарды, баалуу кагаздарды, акцияларды (уюмдардын уставдык капиталында катышуу үлүшүн, пайларды) сатып алуу бүтүмү боюнча чыгашалары жөнүндө, ал эми талапкердин, ошондой эле анын жубайынын бүтүм жасаганга чейинки акыркы үч жыл ичиндеги бүтүмдөр суммасы жалпы кирешесинен ашса, анда алардын эсебинен бүтүм ишке ашырылган каражаттар алынган булактар жөнүндө маалымат берилет.

Талапкерди колдопберилүүчү шайлоочулардын  кол тамгаларынын жогорку чеги белгиленет (45 миңге чейинки шайлоочулардын кол тамгасы) жана шайлоочулардын кол тамгаларын экстраполяция жокко чыгарылат, алсак кол тамгалардын аныктыгын текшерүү – 30 миң шайлоочунун кол тамгасынынаныктыгы белгиленгенге чейин жүргүзүлөт  (52-берене).

5) Шайлоо күрөөсүн, анын ичинде талапкерди каттоодон баш тартылган учурларда, талапкер шайлоо бюллетенинин тексти бекитилгенге чейин шайлоого андан ары катышуудан баш тарткан учурда, кайтаруу учурларын  так белгилөө (41-берене).

6) Шайлоочулардын эркин билдирүүгө финансылык ресурстардын таасирин төмөндөтүү максатында мыйзам долбоорунда талапкердин Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна шайлоо фондунан чыгашаларынын чектүү суммасы – 2 000 000 эсептик көрсөткүчтөн ашпаган өлчөмдө белгиленет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун жүрүшүндө саясий партиянын шайлоо фондунан чыгашалардын чектүү суммасын 3 000 000 эсептик көрсөткүчкө чейин төмөндөтүү сунушталууда.

* Өкмөттүн БШКнын сунушу боюнча Корутундусунун алкагында Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фондунан чыгашаларынын чектүү суммасын – 1 000 000 эсептик көрсөткүчкө чейин төмөндөтүү сунушталууда.

7) шайлоо дайындалган күнгө чейин 6 айдан кеч эмес мөөнөттөкаттоодон өткөн саясий партиялардын шайлоого катышуусуна чектөөлөр киргизилет.

**III. Шайлоочуларды маалымдоо жана шайлоо алдындагы үгүт**

Ачык жана атаандашууга жөндөмдүү шайлоо механизмдерин андан ары өркүндөтүү, шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктук маданиятын жана маалымдарлыгын жогорулатуу үчүн мыйзам долбоорунда төмөнкүлөр сунушталууда:

1) БШК тарабынан жарыялануусуга тийиш болгон маалыматтык материалдардын тизмеси көрсөтүлгөн, катталган талапкерлер жана алардын программалары талапкердин жана саясий партиялардын шайлоо фондуна каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө талапкерлердин жана саясий партиялардын финансылык отчеттору жөнүндө кошумча маалымат менен толукталсын (22-42-беренелер);

2)шайлоо алдындагы программаларды каттоо күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен жарыянын көчүрмөсүн БШКга берүү менен милдеттүү жарыялоо жөнүндө ченемди ( 22-берене);

3) теле-радио уюмдардын жалпы республикалык каналдарында; регтоналдык теле-радио уюмдардын каналдарында өткөрүүлүчү биргелешкен үгүт иш-чараларында талапкерлердин жана катталган тизмеден талапкерлердин **жеке** катышуусун белгилөө сунушталат, Президенттикке талапкердин ордуна анын ишенимдүү адамы катыша алат, ал эми катталган тизмеден талапкерлер **жеке өздөрү** катышат

4) биргелешкен үгүт иш-чараларында катталган талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана колдоо топтордун катышуусуна тыюу салуу (24-берене);

5) ЖМКларга талаптар – катталган талапкерлер, саясий партиялардын тизмеси, шайлоо алдындагы иш-чараларды өткөрүү жөнүндө билдирүүлөрдү өзүнчө блокто комментарийсиз жана башка талапкерлерди кодулоосуз өткөрүү жөнүндө маалымат берүү (22-берене);

6) шайлоо алдындагы үгүт материалдарынын шайлоо мыйзамдарына шайкештигин БШКнын алдын ала текшерүүсүз таркатууга тыюу салуу (27-берене);

7) **<u>ЖМКлардын</u>** катталган талапкерлерге берилген эфир убактысынын, басма аянтчасынын көлөмүн жана баасын **<u>өзүнчө эсепке алуу</u>** милдети жана бул маалыматтарды 10 күн сайын БШКга берүү (24-берене);

8) талапкердин башка мамлекеттердин мамлекеттик саясий ишмерлери менен эл алдындагы иш-чараларды ЖМКларда чагылдыруу менен өткөрүүгө тыюу салуу (28-берене);

9) ЖМКлардын катталган талапкердин, саясий партиянын аброюн, намысын жана кадыр-баркын коргоодо төгүнгө чыгаруу же түшүндүрүү жарыясын акысыз негизде жарыялоо жөнүндө милдети тууралуу жобо (28-берене);

10) эфирдик убакытты, басма аянтчаны талапкерге каршы добуш берүү чакырыктарын таркатуу же талапкерге, саясий партияга карата шайлоочулардын терс мамилесин түзүүгө өбөлгө болуучу максаттарда колдонууга тыюу салууну белгилөө (28-берене);

11) катталган талапкердин же саясий партиянын үгүт жүргүзүү эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик чараларын дифференцациялоо (28-берене).

**V. Шайлоо өнөктүгүн финансылоонун ачыктыгын камсыз кылуу**

- БШКнын алдындагы контролдоо-ревизиялоо тобунун (мындан ары - КРТ) ыйгарым укуктары талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фондуна ыктыярдуу садагаларын берүүдө же которууда КРТ талапкерлер жана юридикалык жактар көрсөткөн маалыматтарды текшерүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга кайрылат деген ченем менен толукталат (41-берене).

- талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде болгон каражаттардын келип түшүүсү жөнүндө маалыматтын БШКнын расмий сайтында КРТ тарабынан жума сайын милдеттүү түрдө жарыялоосу каралган.

**VI. Шайлоочулардын эрк билдирүүсүнө таасир көрсөтүүнүн негизги факторлорунун бири катары административдик ресурс менен күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу**

Мыйзам долбоору менен «Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун жол берилбестиги» деген атайын берене менен толуктоо сунушталат, ал адамдык, финансылык, материалдык, медиалык, институционалдык ресурстарды укукка каршы колдонууну камтыйт, алар талапкерлерди же саясий партияларды колдоонун саясий же башка формаларынын белгилерине ээ ($21^1$-берене).

*Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу үчүн жоопкерчилик КР жоруктар жөнүдө кодексинде жоопкерчилик жөнүндө мыйзам долбоорлорунун пакетинде каралган.